Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ" №27 [16985] ИШЕМБИ, 18/10/2025

## IV Элдик Курултайга даярдык маселелери талкууланды



2-бетте

## БИЛИМ-УЛУТТУН БАЙЛЫГЫ, КЕЛЕЧЕКТИН ТИРЕГИ




5-бетте

## ЧӨГӨМДӨГҮ КАРЫЯЛАРГА АРНАЛГАН САЛТАНАТ



8-бетте


## Социалдык иштер - гумандуу коомдо



3-бетте

## ЖАСАЛМА АКЧАНЫ НАК АКЧАДАН АЙЫРМАЛООНУН ЖОЛ-ЖОБОСУ




4-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан
Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Т.Абдыразаков

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 1292
Нускасы: 1700

Реквизиттер:
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

Дареги: 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7-13-34
Жооптуу катчы: 7-10-02
Жарнак бөлүмү: 7-11-31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# IV Элдик Курултайга даярдык маселелери талкууланды



Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын чоң жыйындар залында облус жетекчиси Эльчибек Джантаевдин төрагалыгы алдында Облустук штабдын отуруму өттү. Иш-чарада 2025-жылдын 30-ноябрына белгиленген Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча уюштуруу-техникалык маселелер талкууланды.

Жыйынга тиешелүү облустук жетекчилер, райондук мамлекеттик администрациялардын башчылары – акимдер, шаар мэрлери, айыл өкмөттөрүнүн башчылары жана райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери катышты.

Күн тартибинде эки негизги маселе каралды:

1. "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча Облустук штабдын ишин уюштуруу";

2. "IV Элдик Курултайды өткөрүү жана уюштуруу иштерине даярдык көрүү".



Жыйында облус жетекчиси Эльчибек Джантаев Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлүнөн, район акимдеринен жана тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилеринен шайлоо участкаларынын абалы жана даярдыгы боюнча маалыматтарды угуп, бир катар тапшырмаларды берди. Ал шайлоо жараянын уюштурууда бардык тапшырмаларды өз убагында жана сапаттуу аткарууну талап кылды.

Мындан тышкары, IV Элдик Курултайды өткөрүүгө даярдык маселелери да каралып, ар бир жетекчиге жүктөлгөн милдеттерди так жана жоопкерчиликтүү аткаруу зарылдыгы баса белгиленди.

# 50 орундуу балдар бакчасы ачылды



Кара-Суу районунун Ынтымак айыл аймагына караштуу Таш-Арык айылында 50 орундуу "Таш-Арык" жаңы балдар бакчасы пайдаланууга берилди.

Ачылыш аземге Агартуу министри Догдуркүл Кендирбаева, Ош облусунун жетекчиси Эльчибек Джантаев жана жергиликтүү тургундар катышты.

Мектепке чейинки билим берүү мекемеси "Таза-Көмүр" ЖЧКсы тарабынан каржыланып бүткөрүлдү. Жаңы бакча бир кабаттуу, ичинде балдар үчүн бардык заман талабына жооп берген шарттар түзүлгөн. Сыртында оюн аянтчалар жана көлөкө чатырлар жайгашкан.

# Пахта сортторун тамчылатып сугаруу ыкмасы

2025-жылы пилоттук негизде Кытай Эл Республикасынан алынып келген "Хунтай-6636", "Хунтай-73" жана "Хунтай-Т115" сортторундагы пахтанын үрөндөрүн заманбап технология — тамчылатып сугаруу ыкмасы аркылуу эгүү боюнча талаа күнү өткөрүлдү.

Иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, Кытай компаниясынын адистери жана дыйкан-фермерлер катышты.

Семинардын жүрүшүндө катышуучуларга жаңы пахта сортторунун өзгөчөлүктөрү, тамчылатып сугаруунун артыкчылыктары жана агротехникалык талаптар боюнча адистер тарабынан кеңири маалымат берилди. Ошондой эле суроо-жооп форматында пикир алмашуу болду.

Ал эми Жоош айыл аймагынын Большевик айылында жайгашкан Кыргызстан Пахтачылык Тажрыйба Станциясынын талаасында жаңы сорттогу пахтаны жыйноо процесси көрсөтүлдү. Бул жолу пахта кол күчү менен эмес, атайын пахта жыйноочу комбайн аркылуу терилди. Азыркы учурда аталган үрөн чарбасынын талааларынан алдын ала гектарына 65-70 центнер түшүм алуу күтүлүүдө.



Белгилей кетсек, 2025-жылдын түшүмү үчүн Кытайдын "Хунтай" компаниясынан жалпы сегиз түрдүү пахта сорту алып келинип, лабораториялык анализден өткөндөн кийин үч сортуна — "Хунтай-6636", "Хунтай-73" жана "Хунтай-Т115" — эгүүгө уруксат берилген.

Бул сорттор учурда Араван жана Кара-Суу райондорунун жалпы 200 гектар жер аянтында өндүрүштүк сыноодон өтүп жатат. Жалпысынан 2025-жылы Ош облусу боюнча 3052,2 гектар жерге пахта эгилди.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

# Калк тынчтыгы кымбат

**Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров кол койгон “Тынчтык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы калктын тынчтыгын жана эс алуу убактысын камсыз кылуу менен байланышкан мамилелерди жөнгө салат. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Талантбек Курбаналиевич Арстанкулов биздин кабарчыбызга мыйзамга түшүндүрмө берүү менен аны ишке ашыруу багытында жүргүзүлүп жаткан иш-аракеттер тууралуу баяндап берди.**



- Кыргыз Республикасынын “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамын турмушка ашыруу максатында Ош облусунун аймагында жергиликтүү бийлик органдары, укук коргоо органдары менен биргеликте, атайын графикке ылайык, түшүндүрүү иштерин улантууда. Мамлекет башчысы тарабынан кол койгон бул мыйзам карапайым калк тарабынан жылуу кабыл алынгандыгын баса белгилеп өтүү зарыл.

Облустун аймагында жер жерлерде атайын түзүлгөн комиссия калк тынчтыгы кымбат экендигин эске алуу менен күндүзү тойкана, көңүл ачуучу жана оюн-зоок жайларынын, коомдук тамактануу жайларынын ээлерине, ири курулуш обьекттеринде мыйзам жөнүндө эскертүү менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө. Ал эми кечки саат 21:30дан 24:00гө чейин текшерүүгө чыгууда.

Мыйзамдын негизинде белгиленген убакытта калктын тынчтыгын жана бейпилдигин бузуучу аракеттерге жол берилбейт. Тагыраагы, үн басымынын жана ызы-чуунун белгиленген деңгээлдеринен ашууга тыюу салынган убакытсы белгиленген.

– жумуш күндөрү – саат 22:00дөн 07:00гө чейин;

– дем алыш жана майрам күндөрү – саат 22:00дөн 09:00гө чейин.

Белгилей кетсек, тойкана жана башка көңүл ачуучу жайлардагы катуу үндөр эле эмес, оңдоп-түзөө, механикалык каражаттарды жана техникалык каражаттарды иштетүү, пиротехникалык каражаттарды пайдаланууда калктын тынчтыгын жана бейпилдигин бузуучу аракеттерге кирет.

Мыйзам эрежелерин бузган тараптарга мыйзам негизинде жоопкерчилик каралган. Тагыраак айтканда, «Тынчтык жөнүндө» мыйзамы боюнча тынчтык бербегендерди көзөмөлдөө эми милициянын моюнуна жүктөлөт. Төмөндөгү убакыт аралыгында уруксат берилген деңгээлден ашкан ызы-чуу мыйзам бузуу деп эсептелет:

- Иш күндөрү: саат 22:00дөн 07:00гө чейин.
- Дем алыш жана майрам күндөрү: саат 22:00дөн 09:00гө чейин.

**- Кайсы иш-аракеттер мыйзам бузуу деп эсептелет?**

-Тынчтыкты жана жымжырттыкты бузууга төмөнкү иш-аракеттер кирет: телевизорлорду, радиокабылдагычтарды жана башка үндү кайталап чыгаруучу түзүлүштөрдү, ошондой эле үн басымынын жана ызы-чуунун жол берилген деңгээлинен ашкан үндү күчөтүүчү түзүлүштөрдү, анын ичинде транспорт каражаттарында, соода объектилеринде (дүкөндөрдө, күркөлөрдө, павильондордо, лотоктордо), көңүл ачуучу жана оюн-зоок жайларында (түнкү клубдар, караоке, дискотекалар) жана коомдук тамактануу жайларында (кафелер, ресторандар, барлар, ашканалар) орнотулган түзүлүштөрдү пайдалануу; музыкалык аспаптарда ойноо, ышкыруу, ырдоо, ошондой эле үн басымынын жана ызы-чуунун жол берилген деңгээлинен ашкан үн менен коштолгон башка аракеттерди жасоо; тартип бузуучулар тарабынан иштетилген күзөт сигнализациясынын, транспорт каражаттарынын сигнализациясынын үн чыгаруусун өчүрүү боюнча өз убагында чара көрбөгөндүк, транспорт каражатынын жардамы менен үн сигналдарын зарыл болбосо да пайдалануу же эс алуу учурунда тынчтыгы бузууга алып келген башка ызы-чуу таасирлерин жаратуу; пиротехникалык каражаттарды пайдалануу; адамдардын эс алуу учурунда тынчтыгын бузууга алып келген оңдоп-түзөө, жүк түшүрүү-жүктөө (анын ичинде көчүү, эмеректерди жылдыруу), тазалоо жана башка иштердин түрлөрүн жүргүзүү, механикалык каражаттарды жана техникалык түзүлүштөрдү иштетүү; белгиленген убакытта корголууга тийиш болгон аймактарда жана жайларда жарандардын тынчтыгын жана бейпилдигин бузууга алып келген башка аракеттер.

**-Коңшулар тынчтык бербесе эмне кылыш керек?**

- Адегенде сиз алар менен сүйлөшүүгө аракет кылыңыз. Көп учурда жайбаракат сүйлөшүү аркылуу маселени чечип алса болот. Андан майнап чыкпаса, милиция чакырып, мыйзам бузуу фактысын каттатыңыз. Далилдерди чогулта жүрүңүз. Ызы-чуунун аудио же видео жазуусу маселе боюнча териштирүүдө далил катары кызмат кыла алат. Милиция тынчтыкты бузгандарга айып пул сала алат.

**- Айып пулдун өлчөмү кандай?**

-Ички иштер кызматкерлери тынчтыкты бузгандарга төмөнкүдөй айып салууга укуктуу: -жеке адамдар үчүн: биринчи бузууга - 2 000 сом, эгер кайталап бузса- 10 000 сом, юридикалык жактар үчүн: биринчи бузуу: 10 000 сом, кайталап бузса - 28 000 сом.

**Маектешкен : Төлөнбай Абдыразаков.**

---

**Кабарлар**

## Айылдык аймактар өнүгөт




Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров тарабынан кол коюлган мыйзамдын негизинде, Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (ЭӨА) каржылаган «Коомчулуктардын демилгеси боюнча улуттук долбоор» расмий түрдө ишке кирди.

Долбоордун жалпы көлөмү 27 млн. АКШ долларын түзүп, анын максаты — айылдык аймактарды өнүктүрүү, климаттын өзгөрүшүнө туруктуу инфраструктураны жакшыртуу жана аялдар менен жаштардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.

Долбоорду Экономика жана коммерция министрлиги координациялап, АРИС уюму ишке ашырат. Ал коомчулуктардын демилгелерине негизделген өнүгүү (CDD) ыкмасы боюнча иштейт.

Ошто долбоордун облустук деңгээлдеги расмий башталышы өтүп, ага облус жетекчисинин орун басары Илияз Ташбаев, райондордун акимдери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык коом жана бизнес өкүлдөрү катышты.

Иш-чаранын жүрүшүндө АРИС менен Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн ортосунда жана райондук администрациялар менен кызматташуу боюнча меморандумдарга кол коюлду.

**К.Кыдыралиева.**

## Социалдык иштер - гумандуу коомдо

Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде Юридика-экономикалык факультетинин “Экономика, башкаруу жана социалдык иштер” кафедрасы тарабынан 1-октябрь — Эл аралык карылар күнү жана 19-октябрь — Кыргыз Республикасынын социалдык коргоо жана профсоюз кызматкерлеринин күнүнө карата “Социалдык иштер — гумандуу коомдун кесиби” аттуу бир жумалык декада башталып, социалдык иштер багытындагы студенттердин катышуусунда бир катар иш-чаралар өтүүдө.

Декаданын максаты — студенттерге социалдык иштер адистигинин коомдогу маанисин терең түшүндүрүү, боорукердик, адамдык жана моралдык баалуулуктарды калыптандыруу, ошондой эле жаштарды коомдук пайдалуу иштерге тартуу аркылуу алардын кесиптик мотивациясын жогорулатуу болуп саналат.



Декаданын алкагында төмөнкү иш-чаралар өткөрүлүүдө:

“Үй-бүлөдө балдарга карата зордук-зомбулук жана ырайымсыз мамиленин себептери” темасында ачык сабак;

“Жакшылыкка бир кадам” аттуу салтка айланган кайрымдуулук жарманкеси;

“Социалдык иштер — гумандуу коомдун кесиби” аттуу концерттик программа;

Ош шаардык “Боорукердик үйү” интернатына кайрымдуулук иш-чарасы;

“Карысы бардын ырысы бар” деген темада ачык тарбиялык сабак. Бул иш-чаралар студенттердин социалдык жоопкерчилигин арттырып, улуттук жана адамдык баалуулуктарды даңазалоого өбөлгө болууда.

## Мамлекеттик кызматкердин жарандык жоопкерчилиги

Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин тиешелүү кызматкерлеринин катышуусунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде укуктук тарбияны чыңдоого багытталган жыйын болуп өттү.

Жыйында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүү жөнүндөгү Президенттин жарлыгы жөнүндө маалымат берилип, мамлекеттик мекеме, ишканалардын кызматкерлеринин шайлоо учурунда эске алышы керек болгон тиешелүү укук-милдеттери эскертилди.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндөгү» Мыйзамынын алкагында коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу жана себептерин жоюу боюнча аткарылып жаткан иштер талкууланды.

Жолугушуунун жыйынтыгында шайлоого жана коррупцияга каршы күрөштүн мааниси түшүндүрүлүп, катышуучулардын жарандык жоопкерчилик сезимин бекемдөөгө өбөлгө түзүлдү.

**Т.Алдакулов.**

# ЖАСАЛМА АКЧАНЫ НАК АКЧАДАН АЙЫРМАЛООНУН ЖОЛ-ЖОБОСУ

**Акча каражаттары - ар бир мамлекеттик финансылык системанын негизги элементи. Алар соода-сатык операцияларынын үзгүлтүксүз жүрүшүн камсыз кылат жана коомдук ишмердүүлүктө алмашуу каражаты катары кызмат өтөйт. Бирок, жүгүртүүдө жасалма акчанын пайда болушу улуттук экономикага олуттуу зыян алып келет. Мындай көрүнүштөрдүн алдын алуу үчүн жарандар акчанын коргоо белгилерин жана аны аныктоо ыкмаларын билиши зарыл. Буга чейин окурмандарга улуттук валюта тууралуу бир катар маанилүү маалыматтарды берип келгенбиз. Анткени менен, калк арасында “нак акчаны жүгүртүү, жасалма акчадан чыныгы акчаны айырмалоо, эски акчаны кантип алмыштыруу керек?” деген сыяктуу көптөгөн суроолор кездешет.**




Эң оболу, колго тийген акчаны соода-сатыкта же кызмат көрсөтүүдө алып жатып алыска узап кете электе анын аныктыгын текшерип алуу сунушталат. Улуттук валютанын банкноттору технологиянын акыркы жетишкендиги менен даярдалган, купюраларды жасалма акча жасоочулуктан сактаган жана банкноттун аныктыгын үч деңгээлде: детекторлордун жардамысыз кайсыл болбосун адам, кассалык персоналдар жана эксперттер тарабынан текшерүүгө мүмкүн болгон коргоо элементтерине ээ.

Эгерде Сиз, банкноттун анык экендигине шектенсеңиз, анда аны аныктоо үчүн төмөнкү иш-аракеттерди жасоо керек.

• Голограммадагы сүрөттөрдүн өзгөрүүсү (банкнотту кыймылдатып көрүүдө анда голограммадагы сүрөт бир абалдан экинчи абалга алмашат);

• Сол бурчтун төмөн жагындагы жашыруун сүрөт (банкнотту кыймылдатып кароодо, андагы оймо-чиймении алдынан акчанын цифралык номиналы көрүнөт);

• Сүрөттөрдүн рельефи (алдыңкы беттеги жазуулар менен портреттин тушунда одуракайлуулукту кол менен сыдырып, байкаса болот).

Суу белгиси, банкнотту жарыкка салып көрүүдө ачык түстөн күңүрт түскө өткөн портрет жана номинал түрүндөгү электротип;

Коргоо тилкеси, үзүк тилке, жарыкка салып кароодо бүтүн тилке сыяктуу (үзгүлтүксүз) чагылып көрүнөт. Анда сандык номинал жана ромб түрүндө Улуттук банктын логотиби камтылган. Банкнотту жантайыңкы алып кароодо ромб фигурасынын чагылышы жана тилкенин кубулуп жатканы көрүнөт;

Бири-бирине дал келген сүрөттөлүшү, банкноттун алдыңкы жана арткы беттериндеги сүрөттөрдүн фрагменттерин жарыкка салып кароодо ромб формасын түзөт;

Банкнотту кол менен сыдырып көрүүдө анын бетине түшүрүлгөн портреттин, жазуулардын, сан жана тамга түшүрүлгөн номиналдын сүрөттөрүндө рельефти (одуракайлык) сезүүгө болот;

Көмүскө сүрөттөлүш, банкнотту жантайыңкы алып кароодо сомдун белгиси - **С** пайда болот;

Түстөрдүн өзгөрүшү, банкнотту жантайыңкы алып кароодо эки шакектин кыймылга келишин, оюу-чиймени (орнаменттин) алтын түстөн жашыл түскө өзгөрүшүн байкоого болот (100 сомдук банкнотто гана);

Жалтырак түс, (арткы бетинде) банкноттун номиналы жана Улуттук банктын логотиби түрүндө;

Микротекст, микросүрөттөлүш, жазуулар, флора жана фауна (жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү) сүрөттөрү түрүндө берилген.

Коргоо элементтери боюнча кененирээк маалыматты, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтынын (www.nbkr.kg) негизги баракчасынын “Улуттук валюта – кыргыз сому”, - “Банкноттор” – “Улуттук валютанын коргоо белгилери” бөлүгүнөн алсаңыздар болот.

Эгерде, Сиздин колуңузга шектүү банкнота туш болуп калса, аны Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарына (ИИМ/УКМК) берүү керек. Же болбосо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына тапшырсаңыз, анда эксперттер бул акчалардын аныктыгын текшерип беришет.




## ЭЧ КАЧАН ШЕКТҮҮ БАНКНОТТУ ЖҮГҮРТҮҮГӨ ЧЫГАРУУГА ЖОЛ БЕРБЕҢИЗ!

Жасалма акча жасоо жана аны жүгүртүүгө чыгаруу менен алектенгендерди Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 233-беренесине ылайык, жазага тартуу каралган. Ошондой эле, жасалма акчалар ири өлчөмдө жана адамдардын тобу тарабынан жасалганы дагы аныкталса, күнөөлүүлөр мыйзам чегинде жазаланат.

Шектүү банкнотторду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы дүйшөмбүдөн жумага чейин иш күндөрү күн сайын саат 9:00дөн 15:00гө чейин кабыл алат. Экспертиза жасалгандыгы боюнча жарандардан акы алынбайт. Эгерде, шектүү деген банкнота жасалма эмес, анык болсо, анда ал ошол номиналында жаранга кайтарылып берилет.

Бардык кызыктырган суроолор боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош облусттык башкармалыгына кайрылсаңыздар болот. Дареги: Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү, 119. Байланыш телефондору: (03222) 4 84 29, 4 83 82.

# БИЛИМ-УЛУТТУН БАЙЛЫГЫ, КЕЛЕЧЕКТИН ТИРЕГИ

**Ош облусунун Кара-Суу районунда райондук билим берүү бөлүмүнүн жаңы имараты пайдаланууга берилди. Ага арналган салтанаттуу ачылыш аземге Кыргыз Республикасынын Агартуу министри Догдуркүл Кендирбаева, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев, Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими Канат Табалдиев баш болгон жергиликтүү бийлик өкүлдөрү жана билим берүү тармагындагы кызматкерлер катышты.**



Жаңы имарат заманбап шарттарда курулуп, керектүү эмерек жана техникалар менен толук жабдылган. Буга чейин райондук билим берүү бөлүмүнүн туруктуу имараты жок болуп, анын аппараты, усулкана бөлүмү, эсепчилер жана балдар чыгармачылык борборунун кызматкерлери ар кайсы имараттарда иш алып барып келишкен. Бул көйгөйдү чечүү максатында, Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясы УКМКнын райондук бөлүмү жана райондук прокуратура менен биргеликте 2004-жылы жеке менчикке өтүп кеткен, 0,10 га аянттагы "Диннур" кафесинин имаратын мамлекетке кайтарып, капиталдык оңдоп-түзөө иштерин жүргүзгөн.

Жаңы конуштун ачылыш аземинен кийин, жалпы райондук мамлекеттик администрациянын чоң залында Мугалимдер күнүнө арналган майрамдык иш-чара өткөрүлдү. Анын учурунда Министр Догдуркүл Кендирбаева 60 жыл мурда ЮНЕСКОнун чечими менен октябрдын биринчи жумасы мугалимдердин кесиптик майрамы катары белгиленгенин айтып, мугалимдерди майрамы менен куттуктады.



Иш-чаранын жүрүшүндө министр Кара-Суу районундагы 6 мектепке компьютер, телевизор жана мектеп эмеректерине сертификат тапшырды. Алсак, М. Тешебаев атындагы №9 мектепке 8 даана компьютер, К. Зулпиев атындагы №55 мектепке 5 даана компьютер, С. Аристанбеков атындагы №47 мектепке 5 даана компьютер, Курманжан Датка атындагы №86 мектепке 3 класс комплект эмерек жана 2 даана телевизор,

А. Эшматов атындагы №82 мектепке 3 класс комплект эмерек, А. Шеркулов атындагы №74 мектеп 2 класс комплект эмерек тапшырылды.

Ошондой эле министр "Наристе-Нуру", "Маданият-Бучур", "Мөлтүр-Тамчы", "Бумайрам эне" жана "Ак-Чөлмөк" бала бакчаларына телевизорго сертификат берди.

Мындан тышкары көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн бир катар мугалимдерди "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси жана Ардак грамотасы менен сыйлады.

## Ынтымак айыл аймагында 50 орундуу бала бакча ачылды

Кара-Суу районундагы Ынтымак айыл аймагына караштуу Таш-Арык айылында 50 орундуу жаңы бала бакча ачылды. Ага Кыргыз Республикасынын агартуу министри Догдуркүл Кендирбаева катышып, жаңы бала бакча балдарга кызмат кылган мыкты билим уясы болсун деген тилектерин билдирди.

"Ар бир баланын башка балдар менен бирге ойноп, коомдошуп, толук кандуу өнүгүүсүнө шарт түзүүбүз керек. Анткени бир да бала өнүгүүдөн артта калбашы зарыл", – деди министр.

Маалыматка ылайык, бул бала бакчанын курулушу 2024-жылдын май айында башталган. Мектепке чейинки билим берүү мекемеси "Таза-Көмүр" ЖЧКсы тарабынан каржыланып бүткөрүлдү. Анын жалпы сметалык баасы 27 миллион 800 миң сомду түздү. Жаңы бала бакча бир кабаттуу, ичинде балдар үчүн бардык заман талабына жооп берген шарттар түзүлгөн. Сыртында балдар үчүн оюн аянтчалары жана көлөкө чатырлар жайгашкан.



## Келечек үчүн билим берүү

Билим берүү кызматкерлерин колдоп, жаңы конуш менен камсыз кылган Акимибиз Канат Касеновичке ыраазычылык билдиребиз, дейт Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Эмилбек уулу Талантбек. Учурда Кара-Суу районунда жалпы билим берүүчү мектептердин саны 128, анын ичинен 95 орто, 19 негизги, 2 жалпы башталгыч билим берүүчү мектеп бар. Ошондой эле, 1 сырттан окуу мектеби, 11 жеке менчик мектеп катталган. Райондогу жалпы билим берүүчү мектептерде 78050 бала билим алууда. Бүгүнкү күндө мектепке чейинки билим берүүдө бир катар олуттуу жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Анын натыйжасында Кара Суу районунда "Келечек үчүн билим берүү" долбоорунун алкагында 12 кыска мөөнөттүү бала бакча ачылган. Долбоордун алкагында район боюнча жалпы 37 кыска мөөнөттүү бала бакча ишке киргүзүү пландалган. Ар бир бала бакча 3 саат иштейт, түшкү уйку жана тамакка киргизилген эмес, бирок эки нөөмөт менен көп баланы камтуунун мүмкүнчүлүгү бар. Райондун аймагында бир катар жеке менчик бакчалар ачылган. "Айым Эне" бала бакчасы Октябрь айылында түзүлгөн. Андагы 2 тайпада 50 бала тарбияланып жатат. "Эркетай бала"бала бакчасы Садырбай айылында түзүлгөн. Анда балдарды атайын мектепке даярдоо тайпасы түзүлгөн.

## Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары

Өткөн окуу жылындагы жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы менен райондо орточо балл 126ны түздү. 15 окуучу 200дөн жогорку балл алды. Предметтик олимпиадалар боюнча, облустук турга 43 окуучу катышты. Жыйынтыгында 8 окуучу 1-2-3-орунду ээлеп, жеңүүчү аталышты. Олимпиададан республикалык туруна райондон 8 окуучу жолдомо алды. Окуучулардын предметтик олимпиадасынын Республикалык баскычы 2025-жылдын 11-12-апрелинде Бишкек шаарында Ч.Айтматов, Айчүрөк лицейлердин базасында өткөрүлүп, Кара-Суу районунан барган окуучулар ийгиликтерди жетиштирди. Кыргыз тил жана адабияты (окутуу кыргыз тилде жүргүзүлгөн мектептерден) Савай айыл аймагы №100 С.Бахапова атындагы орто мектебинин 10-классынын окуучусу Жолдошбаева Аяна Алмазовна 4-орунду, Химия предметинен Кара-Суушаарындагы гимназиянын 10-классынын окуучусу Жуматаева Гулпери Адилбековна 5-орунду, Биология предметинен Кара-Суу шаарындагы №61 К.Жакыпов атындагы жалпы негизги билим берүү жатак мектебинин 10-классынын окуучусу Советов Корчубек Жанарович 7-орунду камсыз кылды.

## Предметтик мугалимдер үчүн семинарлар

Мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, үзгүлтүксүз билим берүү боюнча Япониянын "Лессон Стади" (Lesson Stuby) методикасы боюнча Хирошима мамлекеттик университетинин профессору Сайже Юто менен биргеликте семинар болду. Семинарга Кара-Суу районундагы №61 К.Жакыпов атындагы жатак мектептен, №66 В.И. Ленин орто мектебинен, №15 Х. Мирзажанов орто мектебинен, №69 Ч. Айтматов атындагы орто мектептен, №57 Т. Сулайманов атындагы орто мектептен, №118 Д.Султанов мектеп интернатынан мугалимдер катышты. "Жылдын мыкты мугалими-2025" жана "Жылдын мыкты тарбиячысы-2025" республикалык кароосынагына катышуу үчүн жалпысынан 88 конкурсанттан арыз түштү. Калыстар тобунун мүчөлөрүнүн жыйынтыгы боюнча жогорку балл алган мугалимдер жана тарбиячылар облустук баскычка өтүштү.

## Балдар үчүн-бала бакчалар

Учурда Кара-Суу районунда 156 бала бакча бар, анын 110 муниципалдык,1 мамлекеттик, 18 жеке менчик жана 21и 3 сааттык кыска мөөнөттүү, 6 мамлекеттик акселератор программасы менен иштеген бакчалар. Азыркы күндө мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жалпы 18635 бала тарбияланууда. Бала бакчадагы бөлмөлөрдү натыйжалуу пайдалануу багытында 46 мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде 81 топ ачылып, ага 3153 бала тартылган. "Келечек үчүн билим берүү долбоорунун алкагында" 8 кыска мөөнөттүү бала бакча ачылды. Савай айыл өкмөтүнүн Кең-Сай айылындагы 120 орундуу бала бакча, Отуз - Адыр айыл өкмөтүнүн Отуз-Адыр айылындагы 120 орундуу бала бакча, Савай айыл өкмөтүнүн Курбан-Кара айылындагы 100 орундуу бала бакча республикалык бюджеттен курулуп жатат.

## Техникалык каражаттар менен камсыз болуусу

Жалпы 156 МЧББУнун ичинен 114 мектепке чейинки билим берүү мекемеси 183 даана компьютер менен камсыз болгон. 78 бала бакчан интернет байланышына туташтырылган. 94 бала бакчада 633 даана видео көзөмөл орнотулган. Интерактивдүү доска менен 28 бала бакча камсыздалган. 124 мектепте видео көзөмөл, 118 мектепте акылдуу коңгуроо улуттук музыканын коштоосу менен орнотулган. 128 мектеп интернет желесине туташтырылган. 126 мектеп 2633 компьютер менен, 97 мектеп 240 даана интерактивдүү доска менен камсыз болгон. 128 мектепте 536 проектор бар.

## Мектеп үчүн –кошумча курулуш иштери

Отуз-Адыр айыл аймагынын Шерали айылындагы Абдраим Кулботоев атындагы мектептин, Папан айыл аймагындагы Жээналы Шериев атындагы орто мектебинин, Манас айыл аймагындагы Кайрагач негизги мектебинин, Датка айыл аймагындагы Боболашкар орто мектебинин жаңы имаратынын курулуш иштери жүрүп жатат.

## Мектептерде спорт зал куруу

Кара-Суу шаарындагы № 61 К.Жакыпов атындагы жалпы билим берүүчү жатак мектебинде, ошондой эле Дадан Султанов атындагы негизги жатак мектебинде жана Исраил Сулайманов атындагы орто мектебинде спорт зал куруу иштери башталган.

**Бетти даярдаган: А.САПАРБАЕВА.**

# ҮЙДӨ НАН ЖОК БОЛСО ДА, ГЕЗИТ АЛЧУ МЕН БОЛОМ!..

Оморбек экөөбүз бала кезибизден бирге эрезеге жетилдик. Көрсө ата-энебиз да бири-бири менен кыйышпаган инсандардан болгон тура. Алар азыр жок. Муну эс тартканда кийин баамдап жүрбөйбүзбү. Жашоодо чогуу өмүр кечиришти. Анан калса ата-энебиз да элден өзгөчөлөнгөндөй дайыма үй бүлөлүк турмушта жан таянаар ыктуу эле. Колхоздо аталарыбыз бири чабан, бири койчу катары чубалжыган колхоздун ак койлорун асыроодо бирге жүрүштү. Ошонун каруусунда бала-чакасын асыроодо жашоонун түйшүктүү сырларын бирге кечиришти. Экөөбүздүн тең апаларыбыз Баатыр эне. Он баланы жашоонун ысык-суугуна булай кабагым-кашым дебей асыраганы кандай түйшүк экендигин азыр баамдап отурбайбызбы. Оморбек экөөбүздүн көргөн күнүбүз бирге болду. Жаштыгыбызда жаныбыз эле башка болбосо ал көргөн күндү мен көргөн болдук. Мектеп босогосун чогуу кадамдадык. Кайсарлыгыбыз жок эле. Жашыбыздан кой оозунан чөп албагандай ныкталган тарбиябыз болду окшойт. Кай бирлеринин балдарына окшогон бүтүн жалаң кийимге зар элек. Кай учурларда тыңыраак кийим-кечелүү балдардын арасында жан дүйнөбүз тырыша түшчү. Ичибиз тарыганын анда сезбесек да азыр баамдаган болобуз.

Оморбек экөөбүз жолукканда өткөн кеткенге ой пикирибизди багыштагандай сөз учугун улаганды жакшы көрөбүз. Сырлашсак сырыбыз түгөнчүдөй эмес. Көпкө сыр багышабыз. Эмнени айтмак элек. Ал дайыма эле Жон-Жылганын этегинде жайгашкан айыл четиндеги кой короодо кыштын ызгаарында кечирген өмүрдүн бир элеси көңүлүнө көк таштай тийгенби ошону эле көп сөз кылат. Анда да экөөбүз болгон экенбиз. Ошентип күндөр өткөн тура. Кайсалагандан боло жер сыйпаласаң да наристелик күндөрдүн өмүр сызымдарынын накаандаси эле эсибизге келбесе калгандары кайдан. Алыста калган балалык күндөрдөгү үзүл-кесил эсте калган жаштыктын сөз учугу ушинтип улана берет сыяктуу.

Азыр ал көкүрөгү толкун жиреген кайыктай көтөрүңкү жүрөт. Баарлашсаң оозуңду пактектей ачырат. Коомдогу кайчылуу пикирлерге дайыма аралашканга ынтаа болгонсуйт. Бир жолу капыл-тепил жолуга калганда кай тарапка багыт алгандыгына суроо таштады. Ал мага карады да менин сеникиндей убактым кенен эмес. Проблеманын үстүндө жүрөм деп айлана тегереке көз чаптырган болду. Анан мен сөз учугун улай, ой, сенде кандай проблема болсун, үстүңдө үйүң бар. Зайыбың өзүң айтмакчы чоңдорский дедим. Ал аялын ушинтип сыймыктануу менен атап калчуу. Анан чачын бир силккен болду да мени карай, эй дурак 'есть человек, есть проблема, нет человек нет проблема" деген бойдон бараткан багытына кадамын каадалуу таштай, оң колун алды аркага кере шилтей кете берди. Мен артынан көз сала кала бердим.

Мындай ойлуу ынтаалар Оморбек экөөбүздүн баарлашуубузда көп жолу уланды окшойт. Ал аскердик милдетин Украинада өтөгөн. Мезгилдин талабына ылайык ар бир эр жеткен улан жигиттер анда аскердик кызматты өтөөгө мыйзамдуу милдеттүү болчу. Ал жактан дене мүчөсүн түздөгөн, аң сезими өскөн баамчыл болуп кайра туулуп өскөн жерине келе турган. Оморбек да аскерден келгенден кийин көпкө байырлап үйүндө олтурбастан тез эле Кара-Кулжа айылындагы керек-жарак башкармалыгына ишке орношкон. Ошондон ардактуу эс алууга чыкканга чейин бир орунда дээрлик элүү жылга жакын эмгектенди. Дээринде ак ниет, адамгерчиликтүү кымындай да ичинде кири жок мээнеткеч инсан катары Кара-Кулжа айылынын тургуну болду. Өзү райондун азыркы Рыспай Абдыкадыров атындагы айыл аймагындагы Ак-Колот участкасынан болот. Өмүрлүк жолдошу Төрайым экөө көп жылдар бирге өмүр кечиришүүдө. Ал эсепчи кызматында райондук байланыш бөлүмүндө, ооруканада кесиби боюнча үзүрлүү эмгектенди. Ал эми Оморбектин мээнеткечтигинде чек жок. Дайыма тагылган иштердин майын чыгара аткарууга жаштайынан көнүккөн. Ошондон улам ушул учурда жаамы таанышгандардын арасында кадыры далай эле жогору. Сөзмөргүнө баа берүүгө ченем жок. Баарлаша келгенде чукугандай сөз табат. Бир жолу сөздөн улам билим жөнүндө аңгеме талаш куруп калдык. Анан мен мектепти, университетти, Алма-Ата жогорку партиялык мектебин эң жакшы окуу менен аяктаганмын деп калдым. Мени угаары менен бир азга ойлонду да,ты дурак деди. Ал дайыма сөзүнө орусча аралаштырып сүйлөгөндү жакшы көрөт. Андан ары сөзүн улай эгерде сеникиндей билим, дипломум болгондо район эмес , обкомду бүтүрүп, ЦКнын эшигин тээп калмакмын



деп айтып калды. Кошо олтургандар кыраан каткы күлкүгө малынышты. Ошондон Оморбектин учукай сөздүүлүгүнө тели теңтуштары дайыма баа берип келебиз. Чогулуп жакшылык, жамандыктарга бирге бармайыбыз азыркыга чейин бар. Чогула калганда тели-теңтуштар бирибизге-бирибиз ыктагандай ички туюмубузда көптөн бери көрүшпөй сагынып калган сыяктанабыз. Жүзүбүздө нурлуу сагыныч сезимдери жанып тургандай сезилет. Анан өз иштерибизди жөндөөгө айрылышыбыз кыйындагансыйт. Бирок ошондо да сен болосун дегендей Оморбектин учкул сөздөрүнөн уккубуз келгенсип аны карайбыз. Ушундай учурлардын биринде бир жерге батага барышыбыз керек эле. Айрымдарыбыздын баш кийимдерибиз бар, Оморбек баш кийимсиз экен. Адатта бата окуй турган жерге баш кийим менен баруу салтка салганда керек эле. Ошол учурда Оморбеке Кубаныч кайрыла батага барсак баш кийим керек го деген сөздү кулактады. Азга тыным алган соң Оморбек Козу Ибрайымович жолборс жолунан кайтпайт. Биринчиден сиз экөөбүздө баш бар. Экинчиден чач бар. Ушул боюнча эле бара беребиз деген сөздү айтты. Ошондо чогулгандар аргасыздан күлкүгө алдырышып бара турган тарапка жүрүп беришкен эле.

Омарбек баардык кыймыл аракетке адамдык ички туюмунан асылдуулук менен баа берген инсан. Өткүрлүгү да бар. Адамгерчиликти өзүнө ыянган адамдарга ар тараптуу көрсөтүүгө милдеткер экендей маани берет. Жашы өдөөлөгөн сайын көсөмдүгү көтөрүлгөнү анын кыймыл тутумдарынан өзгөчө сезилет. Турмуш практикасында салт санааны баалаганды алдынкы планга милдеттүү кое билгени анын ажарын даана коздойт. Бул Оморбектин күнүмдүк жашоо кыймылындагы эл баалаган сапаттарынын баалуу жактары десек ашыкчылык эмес.

Ал көп окуйт. Өзгөчө гезит окуу анын күндөлүк турмушунда организмге тамак ашты кандай керектесе, ошондой эле болуп калган сыяктуу. Өзгөчө 90-жылдын орто ченинен ушул мезгилге чейин гезит окууну, шахмат ойноону калтыра элек. Шахмат боюнча райондук, облустук мелдештерге катышкан учурлары арбын. Далай мелдештерде алдынкы оорундарды камсыздап келген. Анан шахмат акылдуулардын оюну деп калат. Азыр да шахмат ойноону калтыра элек. Тели теңтуштарынан Оморбекке издөө салсаң чайканада шахмат ойноп отурат деген жоопту угасын. Бир курдай күн бешимден ооп калган учурда колуна гезиттерди толгоп кармаган Оморбекти жолуктуруп калдым. Амандашып кайдан келе жатканын сурадым. Көзүм колундагы толголуу гезиттерге түштү. Муну кайдан алдың дедим. Гезит саткан күркөдөн сатып алдым. Мунуң да бир топ сом болсо керек дедим. Анын жайын эмне кыласын. Мен гезит окумайынча тура албастыгымды билесинго. Сен дурак билип туруп эле аңкоосуй бересин. Үйдө нан жок болсо да, гезит алчу мен болом деди. Өзүмчө ойлондум. Анын айтканына маани бердим. Үйүнө дайым барганда кийим илчүү шкафтын үстүндө 1990-2000-жылдарда чыккан "Агым", "Асаба", "Майдан", "Дефакт"сыяктуу опазициялык газеталардын тиркемелери катталып турчуу. Баракта карагандa жарыяланган макалалар кызыл сыялуу ручкалар менен сүйлөмдөрүнүн алды сызылып окулгандыгын көрүүгө болот эле. Оморбек ушундай гезит окугандыгы менен дайым сыймыктанчуу. Азыр анын бири жок. Газеталар дээрлик чыкпай калды. Коомчулукта газеталардын оорду таасирдүү болбой калганына Оморбек катуу кейип кепчип жүрөт. Жогорудагы айткан учкул сөзү эми чындап иш жүзүндө болбой бара жатканына жан туюмунан сыздап келет.

**М. Жуманазаров**

---

**УКМКнын ардагери, отставкадагы полковник Марксбек ТЕМИРАЛИЕВ:**

# "Кекилик-Учар бейити" өткөн заманды эске салып турат"

**(башталышы гезиттин №26 санында)**

Чоң сейфтин алдыңкы текчесинде бөтөлкөдө цианид, тактап айтканда 2 литр 600 мл. цианиддүү калий бар экен. Райондогу милициянын жетекчиси Жакып Көчөровго кабарлайт. Алты кишиден турган комиссия келип, акт түзүп, бир көчүрмөсүн сейфте калтырып, табылган цианидди алып кетишет.

Арадан убакыт өткөн соң бул жөнүндө райондогу КГБнын жетекчиси Саидкасым Ахмедовго дагы айтып, түрмө жөнүндө, цианид жөнүндө сурап көрөт. Ошондо Ахмедов, Мокешовго: "Бул маселе мамлекеттик сыр иретинде, эч качан эч кимге айтпайсың, айтсаң өлүп каласың", – деп катуу эскертиптир. Койчуман Мокешовдун божомолдоосу боюнча, айрым учурларда түрмөдө жаткан адамдарды курал-жаракты колдонбой, цианид менен ууландырып өлтүрүп турушкан.

Маалымат булактарынан иликтеп көрсөм, фашисттик Германия Улуу Ата Мекендик согуш учурунда концлагерлерде кармалгандарды ушундай заттар менен массалык түрдө ууландырып өлтүрүшүптүр. Советтер Союзунун учурунда 1938-1953-жылдарды аралыгында түрмөлөрдөгү өлүм жазасына өкүм чыккандарга НКВДнын өтө жашыруун лабораториясында тажрыйба иретинде ууландыруучу заттар колдонулуп турган. Мындай маалыматтар СССРдин НКВД башчысы Л.Бериянын камалып сурак берген көрсөтмөлөрүндө бар.

**- Мемориалдык комплекс былтыр кыска мөөнөттүн ичинде курулуп бүттү. Архитектуралык жагынан темасына жараша туура ойлонуп тургузулган. Ачылыш аземи болуп өттү. Эми, аны коргоого алган кандайдыр бир макам барбы? Жакында эле өзүңүз барып келипсиз. Кандай таасир калды?**

-Чынын айтсам эстеликтин кийинки тагдыры кандай болот деген суроо жаралып, мени түйшөлтүп келди? Айыл өкмөтү тарабынан жарым ставкага бир адам кызматка алыныптыр. Күндүзү түшкө чейин эки саатка, түштөн кийин эки саатка келип жалпысынан көз салып турганга дайындалыптыр. Отургузулган бактарды сугарып, чөптөрдү чаап жыйнап, тазалыкты камсыздайт экен. Комплекске кире бериш жеринде ага өзүнчө чарбалык эмеректерин коюп, баш калкалоого чакан, узундугу 3 м, туурасы 2 м. болгон контейнер коюп бериптир.

Кезинде куруучулар эстеликтин сырткы беттериндеги мрамор таштарды клейге отургузуп чаптап коюшуптур. Аба-ырайынын температурасы бирде ысык, бирде суук болуп алмашканда, клей кармабай мрамор таштар четинен түшө баштаптыр. УКМКнын Ош шаардык жана Ош облустук башкармалыгынын кызматкерлеринин кийлигишүүсү менен түшүп калган плиткалар кайрадан клейге отургузулуп мурунку калыбына келтирилди. Бирок, көп өтпөй капталдагы плиткалар дагы түшүп калган. Мрамор плиткаларды клейге отургузбай, эстеликтин өзөгү болуп турган арматурага байлап бекитсе алар таптакыр түшпөйт эле.

Тез аранын ичинде ушул маселени эстеликти курган подрядчиктер чечиши керек, антпесе болбойт.

Дагы бир чоң көйгөйлүү маселе бар. Кыргызстандын аймагындагы болгон тарыхый жана маданий эстеликтер өзүнүн даражасына ылайык республикалык же жергиликтүү маанидеги эстелик-деген мартабага ээ болуп, атайын тизмеге киргизилип мамлекет тарабынан корголоо алынган.

1999-жылдын 26-июлунда кабыл алынган "Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө" №91 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын" 3-статьясында "Элдин турмушунда тарыхый окуяларга байланышкан тарых жана маданият эстеликтери тарыхый-маданий мурас болуп эсептелет" деген аныктама бар. Ушул эле аныктама Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 20-августундагы №568 Токтому менен бекитилген "Тарыхый-маданий мурас объектилерин эсепке алуу, коргоо, реставрациялоо жана пайдалануу жөнүндө" Жобонун 1.1 пунктунда берилет.

**(уландысы кийинки санда)**

**Маектешкен: Керим АЙДАРОВ,**
**«Кыргыз Туусу»**
**(№ 60, 15.08.25-ж.)**

# Бир кылымда бир жаралчу улукман инсан

«....Адамзатты эки нерсе багыттайт,
Адил сөзү ак эмгеги карытпайт"
«Адам өлсө сөзү калат артында,
Жакшы атагы унутулбайт калкында",-
**Жусуп Баласагын.**

Белгилүү акын, жазуучу, публицист Үмүтай Эралиеванын "Кыргыздын улукманы Миталип Мамытов" аттуу документалдуу-көркөм публицистикалык жана поэтикалык маанайдагы китеби Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры, нейрохирург, медицина илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, мүчө-корреспонденти, Ленинград нейрохирургия ИИИнин аспирантурасын бүтүргөн, доцент, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы жана илимге эмгек сиңирген ишмер, Нью-Йорк Илимдер академиясынын академиги, Россия нейрохирургдар ассоциациясынын ардактуу мүчөсү Миталип Мамытовго арналган. Анын илимий эмгеги мээнин шишиктерин хирургиялык жол менен дарылоого арналган. Нейрохирургия боюнча адис. 130дан ашык илимий эмгеги, анын ичинде 2 монография, 4 ойлоп табуусу, 5 окуу куралы бар. Даңк медалы, «Миллиондун бири» номинациясынын алтын медалы менен сыйланган.

Үмүтай Эралиеванын кыргыз адабиятындагы сейрек кездешүүчү өзгөчөлүгү дарыгерлерди абдан аздектеп, урматтаганында, «Ден соолук» темасына аларды даңазалап 500 (беш жүз) куплеттен көп ыр арнаганында. Бул жагынан орто муундагы акындардын арасынан өзгөчө ачылыш деп баа берсе болот. Үмүтайдын ырларын окугандан кийин дарыгерлерге болгон сүйүү артып, жан дүйнөң тазарып, куландан соо болуп, ден соолукту сактап жүргүң келет.

"Кыргыздын улукманы Миталип Мамытов" деп аталган бул китеп үч бөлүмдөн туруп, алгачкы бөлүмүндө атактуу нейрохирургдун өмүр баяны, турмуш жолун, тагдырын образдуу көркөм баяндоонун ар түрдүү ыкмаларын билгичтик менен пайдалана алган.

Ал эми китептин экинчи бөлүмүндө академик М.Мамытовдун түйшүктүү улукмандык мээнети чагылдырылып, мында да Ү.Эралиева документалдуу баяндарга, кызыктуу эскерүүлөргө таянуу менен окурманды өзүнө тарта ала турган көркөм материалдарды иштиктүү пайдалана билгендиги жогорку деңгээлге алып чыккан.

Көркөм баяндын үчүнчү бөлүмүндө залкар нейрохирургга арналган ырлар, кааловлор, Мамытовдун нускалуу сөздөрү, Мамытов жөнүндө жана өзүнүн басма сөздөгү жарыяланган макалалары, жарык көргөн автордук китептери топтоштурулуу менен Үмүтайдын өзүнүн ыр түрүндөгү чакан дастаны да орун алган.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкананын абонементтик тейлөө бөлүмүндө "Кыргыздын улукманы Миталип Мамытов" деп аталган чыгарма китеп фондунун текчесинен орун алды, бул чыгарма болочок дарыгер болом деген жаштарга, М.Мамытовдун өмүр баянынын тарыхы, ишмердүүлүгүнө кызыккан инсандарга, жалпы окурмандар үчүн сунуштайбыз.

Италиялык ойчул, даанышман, аскердик-теоретикалык эмгектердин автору жана жазуучу Никколо Макиавеллинин орус тилиндеги "Государь" ("Өкүмдар") аттуу атактуу, белгилүү, кеңири тараган китеби эми кыргыз тилине которулуп, тарыхта изин калтырып, ушул күнгө чейин бизге



да кенен жеткиликтүү болуп турганы-чоң кубаныч! Китепте автордун мамлекеттик башкаруу жана саясат боюнча ой толгоолору орун алган.

Н.Макиавеллинин философиясы күчтүү жана калыс мамлекетти түзүүнү жактап, ага кызмат кылуу атуулдардын башкы максаты болушу керек дейт. 1513-жылы жазылган эмгекте бийликке жетүү айла-амалы, мамлекетти башкаруу, лидерге таандык саясий шык-жөндөмдөр тууралуу сөз болот.

Флоренцияны 20 жыл башкарган Лоренцо Медичиге арналган эмгек (трактат) Макиавеллинин көзү өткөндөн кийин, 1532-жылы жарык көргөн. Өзгөчө коомдук, саясий аң сезимибизди өстүрүү үчүн дүйнөлүк тажрыйбаларга, маалыматтарга, тарыхый булактарга муктажбыз. Аристотель, Ибн Халдун, Платон, Жан Жак Руссо, Никколо Макиавелли жана башка көптөгөн чыгыш-батыш ойчулдарынын эмгектери кыргыз тилинде окулуп, эл арасында талкуулап керек. Буга чейин дүйнөлүк ойчулдардын эмгектерин биздин интеллигенция башка тилде окуп, бирок, кыргызча талкуулап өсүштү. Эми бул абал муундан муунга кайталана бербей, кийинки айдыңдар дүйнөнү өз эне тилинде окуп чоңоюш керек. Фольклор менен эле чектебей, эне тилде дүйнөлүк илимий китептерди окуйлу.

"Өкүмдар"-дүйнөдөгү авторитардык лидерлерге жаккан эмгек катары сыпатталып келет. Макиавелли бийлик табияты кандай болорун көрсөткөнү үчүн трактат саясат таануу илимине кызыккандар окуй турган китептердин тизмесине кирген. Бул китептин жазылганына бүгүн 500 жылдан ашкан. Бирок, ушул күнгө чейин "Өкүмдар" дүйнөдө эң көп изделген, эң көп сатылып алынган китептердин бири болуп эсептелет.

Бийликтин жана саясаттын маңызын билгиси келгендер үчүн бул китеп бүгүнкү күндө ар бир саясий жана мамлекеттик ишмердин, өлкө башчысынын, дегеле саясатчынын чөнтөк китеби болууга тийиш. Кыргыз тилиндеги саясий эмгектердин көп болгону кыргыз жаш саясатчылары жана жаш саясат таануучулар үчүн абдан маанилүү. (Никколо. Өкүмдар / которгон. Феруза Шерматова.-Б.: 2025.-160 б.)

***Рахима Махмудова,***
***Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкананын абонементтик тейлөө бөлүмүнүн башкы китепканачысы.***

## ЖАРЫЯЛАР

### Сынак

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы, Ош облусунун Алай райондук балдар–өспүрүмдөр спорт мектебинин директору бош кызмат орунуна сынак жарыялайт.

Сынакка катышуучулар төмөндөгүдөй талаптарга жооп бериши керек:

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгы;
2. Жогорку билимдүү (дене тарбия же педагогика адистигине артыкчылык берилет).
3. Эмгек стажы дене тарбия жана спорт тармагында же билим берүү системасында 5 жылдан кем эмес болуусу
4. Жетекчилик кызматта кеминде 2 жыл стажы болуусу
5. Дене тарбия жана спорт тармагына, педагогикалык системага тиешелүү Мыйзамдарды, Жоболорду, КР Конституциясын, КР Эмгек Кодексин жана башка тийиштүү Ченемдик укуктук актыларды талапка ылайык билүүсү.

Конкурска катышуу үчүн төмөндөгүдөй документтер талап кылынат;

1. Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын конкурстук комиссиясынын төрагасынын атына жазылган өздүк арыз;
2. Адистик учёт боюнча өздүк баракча 4.5х6.5 өлчөмүндөгү сүрөтү менен;
3. Билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү (нотариус тарабынан же иштеген жеринин башкармалыгы тарабынан тастыкталган);
4. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (нотариус тарабынан же иштеген жеринин башкармалыгы тарабынан тастыкталган);

№ 01-5/80, 06.10.2025 Кол койгон: Камалов А.О., 06.10.2025

5. Өмүр баян (кол менен жазылган);
6. Резюме
7. Паспорту же өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү (паспортунун же башка өздүгүн тастыктоочу документти конкурска келгенде көргөзүлөт);
8. Илим даражасы жана илим наамы берилгендигин, квалификациясын жогорулаткандыгын тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү;
9. Соттолбогону жөнүндө маалымкат;
10. Дело (документтер үчүн).

Аталган документтерди Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгына жарыя газетага чыккан күндөн баштап 10 (он) жумушчу күн ичинде Ош шаары, Карл Маркс көчөсү №1 дарегине тапшыруу зарыл.

Байланыш үчүн телефон: 0(3222) 4–80–35

Квалификациялык талаптарга жооп берген талапкерлер сынакка катышууга чакырылат. Сынакты өткөрүү орду жана күнү кошумча кабарланат. Тапшырылган документтери коюлган талаптарга жооп бербеген атуулдар, сынакка чакырылбайт.

### Жараксыз деп табылсын

Молдоматова Аида Асановнага таандык 1996-жылы ОшМУнун филология факультети тарабынан берилген АВ 11042 номурлуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**XXX**

Жеке ишкер Аттокуров Чолпонбай Турдуевичке таандык болгон ИНН 22412196200366 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**XXX**

Жеке ишкер Турсуналы кызы Эльмирага таандык болгон ИНН 10302198300129 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**XXX**

Жеке ишкер Абдуллаева Масудахан Нумановнага таандык болгон мамлекеттик салык кызматы тарабынан 07.09.2015-жылы каттоодон өткөн каттоо баракчасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**XXX**

1991-жылы Жалал-Абад медициналык училищасы тарабынан Акаева Малика Инаевнага берилген каттоо № 41478 болгон диплом № ПТ-I № 244284 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Обьявляются публичные торги

ОсОО «Люкс Консалт» объявляет публичные торги в форме открытого аукциона по продаже заложенного имущества:

ЛОТ №1 Жилой дом, расположенный по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., с/у Савай, с. Октябрь, ул.Октябрь 6, дом 19, идентификационный код: 5-04-14-1006-0506, принадлежащий Жунусмаматовой Н.А. на праве собственности на основании Договора купли-продажи (без нот удост) №43710 от 19.06.2024 года, гос акт о праве частной собственности на земельный участок серии ЧN° 1138514 от 04.08.2022 года. Стартовая цена заложенного имущества составляет составляет 5 256 000 (пять миллионов двести пятьдесят шесть тысяч) сом.

ЛОТ №2 Жилой дом, расположенный по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., с/у Савай, с.Октябрь, ул.Октябрь 5, дом 5, ИК ЕНИ 5-04-14-1006-0059, принадлежащий (без нот удост) №70012 от 10.12.2019 года, гос акт №488953 от 25.11.2013 года. Стартовая цена заложенного имущества составляет составляет 5 487 000 (пять миллионов четыреста восемьдесят семь тысяч) сом.

ЛОТ №3 Земельный участок, расположенный по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., с.Октябрь ул. Ак-Ордо, дом 111, идентификационный код: 5-04-14-1006-0533, принадлежащий Кубанычбек кызы А., на праве собственности на основании договора купли-продажи (без нот удост) №35703 от 13.05.2024 года, гос акт о праве частной собственности на земельный участок №1050179 от 26.11.2021 года. Стартовая цена заложенного имущества составляет составляет 1 675 000 (один миллион шестьсот семьдесят пять тысяч) сом.

ЛОТ №4 Квартира, расположенная по адресу: г.Ош, ул.Джим, дом №8, кв №13, принадлежащий Жунусмаматовой Н.А. на праве частной собственности на основании договора купли-продажи №511- 2024/28481 от 07.05.2024 года, идентификационный код: 5-11-06-01-0125-01-013. Стартовая цена заложенного имущества составляет составляет 4 791 00 (четыре миллиона семьсот девяносто одна тысяча) сом.

Для участия в публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р/с в сомах 1117301200020271 БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала публичных торгов.

Выигравшим публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Публичные торги состоятся «25» ноября 2025 г., в 14:00 ч. по адресу: г.Ош, ул.Джим, дом №8, кв №13 по реализации заложенных имуществ:

Сведения об Организаторе торгов:
ОсОО ЮК «Люкс Консалт», адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0-(312) 56-88-25, 0-(772) 30-30-32, р/с в сомах 1110002000041858, БИК 111006 ЗАО «Банк Азии», код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167.

# ЧӨГӨМДӨГҮ КАРЫЯЛАРГА АРНАЛГАН САЛТАНАТ

**Күздүн салкын тарткан күндөрүнүн биринде, асман ачык, тоолордун кырларына күмүш туман конгон чакта, Араван районунун Керме-Тоо айыл аймагында өзгөчө жылуу маанай өкүм сүрдү. Аткени, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №442 токтомуна ылайык, 2025-жылдын 1-октябрында Карылар күнүнө арналган салтанаттуу иш-чара айылдын эң бийик тоолуу айылдары болгон Чөгөм жана Кичик Алай айылдарында өткөрүлдү. Аталган салтанат Керме-Тоо айыл өкмөтүнүн башчысы Чыңгыз Мамажунусовдун демилгеси менен алыскы айылга уюштурулуп, майрамдык иш-чара жогорку деңгээлде болду.**







Салтанаттуу иш-чарага КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курманбек Айтибаев, Араван райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары Бактыбек Маматазимов, Керме-Тоо айыл өкмөтүнүн башчысы Чыңгыз Мамажунусов, «Достук» газетасынын башкы редактору Назгүл Омурзакова, ошондой эле коңшу Ноокат районунун өкүлдөрү жана Аравандын аймак башчылары катышышты.

Улуттун күчү анын карыясына болгон урматта, ырыскысы батасында демекчи, майрамга 250гө жакын карыялар, баатыр энелер, ардагерлер чакырылып, аларга айыл өкмөтү тарабынан белектер жана сыйлыктар тапшырылды. Улуттук тамак-аштар тартууланып, дасторкон жайылып, элдик салттагы меймандостук жогорку деңгээлде көрсөтүлдү. Ар бир карыянын жүзүндө жылуу жылмаюу, көздөрүндө ыраазычылыктын нурлары жарк этип турду. Алардын айтканы: «Бизди унутпай, сыйлаганыңар - келечек муунга чоң сабак» дешип, алкап отурушту.





Коноктор айылдын турмушу менен таанышып, тургундардын жашоо-шартынан кабар алышты. Алардын эмгекчилдигине, ынтымактуу турмушуна ыраазы болушуп, өздөрү ала келген белектерин тапшырды. Эл болсо өз кезегинде келген конокторго ак батасын берип, ыраазычылыгын билдирди. «Элди унутпаган, карыяны урматтаган коом гана өсөт» дешип, акыл насааттарын айткан аксакалдар кезек менен сөзгө чыгып, жаратылышы кооз, жолу татаал айылдары жөнүндө сөз кошушту. Тээ илгери автоунаа жол салына электе, ат минип, жөө жүргөн күндөрүн эскеришти. Азыр заман оңолуп, жол курулуп, шарттар жакшырганын айтышты.

Керме-Тоо айыл өкмөтүнүн башчысы Чыңгыз Мамажунусов иш-чарада сүйлөп жатып:

- Урматтуу аталар, апалар, Сиздер биздин түпкү тарыхыбыз, руханий байлыгыбыз болосуздар. Карысы бардын, ырысы бар деп бекер айтылбайт. Сиздердин акыл-насаатыңыздар, өмүр жолуңуздар жаш муундар үчүн үлгү. Сиздерге кандай гана сый-урмат көрсөтпөйлү бары аздык кылат. Сиздер бар жашоонун тиреги бар деп билем. Оорубай, саламатта жүрүңүздөр, майрамыңыздар менен ардактуу аксакалдарыбыз"- деди аймак башчысы.



Жаратылыш койнунда өткөн бул майрам элдин эсинде узакка сакталары шексиз. Себеби, бул күнү тоо койнундагы айылдын тынч жаратылышы ыр менен коштолду. Атайын чакырылган өнөрпоздор менен бирге жергиликтүү таланттар да сахнага чыгып, тоо жаңырта созолонгон обондорун тартуулашты. Айрыкча, айылдын окуучуларынын көрком окуусу көпчүлүктүн купулуна толду.

Керме-Тоо айыл өкмөтүнүн башчысы Чыңгыз Мамажунусовдун демилгеси менен уюштурулган бул иш-чарага айыл активисттери демөөрчү болушуп, жергиликтүү казынадан да каражат ажыратылып, карыялардын күнү уюшкандыкта өттү. Салтанаттын аягында айылдын ак сакалдары ак батасын берип, жаштарга ак жол каалашты.

Белгилей кетсек, Чөгөм — Керме-Тоо айыл өкмөтүнүн эң алыскы, бирок, эң берекелүү айылдарынын бири. Чөгөм айылы деңиз деңгээлинен 2600 метр бийиктикте жайгашкан, жаратылышы кооз, бирок, жол шарты татаал айыл. Айыл тургундарынын талыкпас эмгеги бул аймактын жашоо-турмушунун күзгүсү сыяктуу. Жергиликтүү эл негизинен мал чарбачылыгы менен күн кечирип, картошканы мыкты өстүрүү боюнча аймакта жакшы таанылган.

**Н.ӨМҮРЗАКОВА.**